УДК: 2-4

*Шаршеналиев У. А., филос. илимд. канд.*
*ulan_shh@mail.ru*
*IT –колледж, IT-академия КМЮУ,*
*Кыргызстан*

## КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ИСЛАМ УЮМДАРЫНЫН САЯСИЙ ТУРМУШКА АКТИВДҮҮ КАТЫШУУСУ

*Макалада Кыргызстандагы ислам уюмдарынын саясий турмушка активдүү катышуу маселеси каралат, андан тышкары, азыркы Кыргызстанда исламдын позициясында динден тышкары көйгөйлөрдү түшүнүүгө жөндөмдүү болгон, реформа жүргүзө турган исламдык ири дин илимдери азырынча жок экендиги белгиленет. Ошол себептен мусулман уюмдарынын заманбап Кыргызстандын саясий турмушундагы каалоосу айтылган учурда, пикир алышууда, эреже катары, катышуусу же катышпагандыгы маселеси боюнча бардык талкуулар так эмес мүнөзгө ээ. Мисалы, динден тышкары мыйзамдарга шариаттын ченемдерин киргизүүдө динден тышкары укуктук ченемдерден шилтемелер же болбосо курандын ченемдеринин контексттеринен алынган үзүндүлөр келтирилет, алар болсо ошол учурда талаш-тартыштын жана пикир алышуунун катышуучулары үчүн өтө алгылыктуу көрүнөт.*

***Өзөктүү сөздөр****: ислам уюмдары, саясий турмуш, демократия, идеология, конфессия, стратегия, ан-сезим, синкретизм, потенциал.*

*Шаршеналиев У.А., канд. юрид. наук*
*ulan_shh@mail.ru*
*IT –колледж, IT-академия КМЮУ,*
*Кыргызстан*

## АКТИВНОЕ УЧАСТИЕ ИСЛАМСКИХ ОРГАНИЗАЦИЙ КЫРГЫЗСТАНА В ПОЛИТИЧЕСКОЙ ЖИЗНИ

*В данной статье рассматривается проблема активного участия исламских организаций в политической жизни Кыргызстана. Также в ней говорится о том, что следует отметить: в современном Кыргызстане нет крупных исламских теологов, способных разобраться в проблемах секуляризма и реформ, и поэтому все рассуждения об участии мусульманских организаций в политической жизни современного Кыргызстана носят размытый характер. Иными словами, в случае желания включить шариатские нормы в светское законодательство, например, на основе обсуждения, как правило, ссылки на светские правовые нормы, либо выдержки из контекста коранических норм, лишь кажутся очень полезными для участников дебатов и дискуссий.*

***Ключевые слова:*** *исламские организации, политическая жизнь, демократия, идеология, конфессия, стратегия, сознание, синкретизм, потенциал.*

*Sharshenaliev U. A. IT-college, IT-academy of KYUU,*
*ulan_shh@mail.ru****,*** *Kyrgyzstan*

## ACTIVE PARTICIPATION OF ISLAMIC ORGANIZATIONS IN SOCIAL LIFE OF KYRGYZSTAN

*This article discusses the problem of the active participation of Islamic organizations in the social life of Kyrgyzstan, it also says that it should be noted that in modern Kyrgyzstan there are no major Islamic theologians who can understand the problems of secularism and reforms, and therefore all arguments about the participation of Muslim organizations in the political life of modern*

*Kyrgyzstan are blurred. In other words, if you want to include Sharia norms in secular legislation, for example, on the basis of a discussion, as a rule, references to secular legal norms, or excerpts from the context of Koranic norms, which are very useful for participants in debates and discussions.*

***Key words:*** *Islamic organizations, political life, democracy, ideology, confession, strategy, consciousness, syncretism, potential.*

Ислам уюмдарынын Кыргызстандын саясий турмушуна катышуу мүмкүнчүлүгү жана формасы салыштырмалуу улантылууда. Бул маселе боюнча окумуштуулардын, адистердин арасында таралган төрт көз караштЫ карап чыксак.

Биринчи көз караш, негизинен, мындай мүмкүнчүлүктүн болушун четке кагууда, анткени ага кыргызстандык коомдун динден тышкары болушу, укук системасынын өзгөчөлүктөрү, бул процесстин динден тышкаркы социумга коркунуч келтире турганды жана исламофобиянын орун алышы тоскоолдук кылат. Айрым окумуштуулар жана диний ишмерлер, мамлекеттик чиновниктер жана укук коргоо уюмдары исламдык диний уюмдар Кыргызстандын саясий системасынын бөлүгү болуп саналбайт, биздин өлкөдө саясий мамиледен тышкары турат жана ошондуктан алар руханий (дин уюмдары) жана социалдык (кайрымдуулук, жакырларга, карыларга жардам берүү ж. б.) гана ишмердүүлүк жүргүзүүсү керек деп негиздешет. Андай болсо, кыргызстандык коомдун саясий турмушуна мусулмандык субъектилердин катышуу мүмкүнчүлүктөрүн жана да анын механизмдерин көпчүлүк алдында талкуулоонун жана илимий талдоо жүргүзүүнүн зарылчылыгы жок.

Экинчи көз караш Кыргызстандын мусулман уюмдарын жана алардын лидерлерин кыргызстандык коомдун саясий турмушуна жигердүү катышууга чакырган позицияда чагылдырылган. Концептуалдык жактан мындай позиция исламдагы динден тышкары жана диний деп бөлүнбөстүккө негизделет. Ошол себептен ислам бардыгы үчүн бирдей боло тургандыгы тууралуу ойлор айтылат, демек, Кыргызстандагы мусулмандар жана мусулман уюмдары башка мусулман өлкөлөрүндөй эле жашап жана иштөөгө, өз ишинде, биринчи кезекте, мусулман өлкөлөрүнүн саясий тажрыйбасын пайдаланууга тийиш.

Ортодоксалдык мусулман өлкөлөрүнүн тажрыйбасын аны конструктивдик-сынчыл аңдап-билүүсүз Кыргызстанга киргизүү ошол эле мусулман уюмдарындай эле кыргыз коомчулугу жана мамлекет үчүн оң натыйжа берери күмөн. Бул көз караштын эң аярдуу жери – Кыргызстан эч убакта толугу менен мусулман өлкөсү болгон эмес. Бул эмнени түшүндүрөт: шариат эч качан Кыргызстандын мыйзамдарынын негизин түзгөн эмес, ал эми Кыргызстан динден тышкары мамлекет деп таанылган. Демек, мусулман өлкөлөрүнүн тажрыйбалары биздин өлкөдө колдонулбайт, же болбосо коомдук турмуштун бир катар чөйрөлөрүндө, мисалы, коопсуздук чөйрөсү үчүн деструктивдүү болушу мүмкүн.

Үчүнчү көз караштын чектеринде динден тышкары окумуштуулар тарабынан Кыргызстан коомчулугунда жана мамлекетте коомчулуктагы жана саясий турмуштагы исламдын ээлеген ордуна жана ролуна болгон көз караштарды социалдык, руханий-маданий, билим берүү жаатында оң жаратуучулук потенциалды өтө жигердүү пайдалануу менен акырындап өзгөртүүнүн зарылдыгы жөнүндө ойлор артикуляцияланат, мисалы, изилдөөчүлөр Л. А. Баширов, А. В. Малашенко ж. б. бир нече жолу белгилешкендей, КМШнын саясий турмушунда исламдын потенциалы начар иштейт жана коомдук өнүгүү жана КМШ өлкөлөрүндө, өзүнчө алганда, Кыргызстанда мамлекеттүүлүктүн демократиялык укуктук негиздерин бекемдөө процессине дээрлик жетишсиз таасир тийгизет.

Көптөгөн ата мекендик ислам таануучулар, мисалы, Б. А. Малтабаров, М. Т. Артыкбаев, И. Р. Гимазитдинов, Ж. Ж. Жоробеков, Н. Курбанова жана башкалар

өткөн жүз жылдыктын 90-жылдарынын башталышынан тартып Кыргызстанда көптөгөн багыттар боюнча исламдын ролунун кыйла жогорулоосу байкалганын айтышат, алардын арасынан окумуштуулар негизги үчөөнү бөлүп көрсөтүшөт – жеке диний, социалдык-маданий жана саясий багыттар. Бул чөйрөлөрдөгү исламдын “жанданыусунун” жыйынтыктары жана келечеги бирдей эмес жана карама-каршы, ошол себептен алар коомчулуктан да, мамлекеттик органдардан да бөлүнүп кетпейт, балким, ошондон улам Кыргызстанда исламдын таасиринин өсүшү, негизинен, саясий таасирдүүлүгүнө, саясий факторго келтирилет.

Төртүнчү көз караштын өкүлдөрү (алар көпчүлүктү түзүшөт) Кыргызстандын мусулман уюмдарынын саясий турмушка катышуусунун мүмкүнчүлүктөрү жана алардын келечеги тууралуу көпчүлүк алдында сөз кылышпайт, кыргызстандык уммаларда жеке саясий кызыкчылыктардын түптөлүшүнө шашылбайт, көйгөйдүн социалдык, руханий, маданий жана тарыхый аспектилерин көп учурда өз ара гана талкуулашат жана ага талдоо жүргүзүшөт. Ата мекендик ислам таануучулардын көпчүлүгү жана мусулман диний ишмерлердин бөлүгү мамлекеттик-конфессиялык мамилелер, негизинен, саясий болгондуктан, кылдат позицияда турушат.

Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгы “АКШдагы террордук акцияга карата мамиле тууралуу билдирүүсүндө” (11-сентябрь, 2001-ж.) дал ушул саясаттан четтелгендигин баса көрсөткөн: “... Тигил же бул өкмөттөрдүн саясий курстарына байланыштуу саясий дивиденддерди алуу жана террорду жактоочулук кылган, трагедияда алып сатарлык кылган өзүнчө коомдук жана диний ишмерлердин позициясын туура эмес деп эсептейбиз. Саясатчылардын багыттары кандай гана болбосун, тынчтыктагы, эч күнөөсүз адамдар курман болушууда, алардын өлүмү эч кандай идеологиялык чакырыктар менен акталбайт. Күнөөсүз адамдардын курмандыгы боюнча саясий табалоо туура эмес” [1].

Н. Курбанованын маалыматтары боюнча, “...республикада исламдын кайра жаралуу процессин изилдөө ислам аларга XX кылымдын 80-жылдарынын экинчи жарымында өз башатын алгандыгы жөнүндө тыянак чыгарууга мүмкүндүк берген, ошого байланыштуу алар диний кайра түзүүлөрдүн башталышын 1991-жыл деп аныктаган “Кыргыз Республикасынын диний чөйрөсүндө мамлекеттик саясаттын концепциясынын” авторлоруна каршы чыгышкан. Дал ушул 80-жылдардын экинчи жарымынан баштап мамлекеттик атеизм саясатынын начарлашы башталган, анын ордуна диний маселелерди демократиялык жол менен чечүү келген” [2].

Өлкөдө исламдын андан ары жаралуусу үчүн XX кылымдын 90-жылдарындагы республикадагы жаңы коомдук-саясий абал ыңгайлуу шарттарды түзгөн, ал өз ишенимине эркин дүйнө таануучулукка жана дин тутуусун өз алдынча аныктоого жана жайылтууга жаңы мүмкүнчүлүк ачкан.

Ушул учурдан тартып экинчи этап 1991-жылдан 1995-жылга чейинки мезгилди камтыган, республикада исламды институционалдаштыруу башталат. Дал ушул мезгил аралыгында мусулман коомунун түптөлүшү жана мусулман дин кызматчыларынын институтунун кайра жаралуусу пайда болот: ислам борборлорунун, фонддорунун, бирикмелеринин саны өсөт, мусулман коомчулуктарын (айылдык, райондук, облустук жана ДУМК) башкаруу түзүмүндө негизги элементтер жаралат, ошондой эле анын ченемдик укуктук базасы түптөлөт”.

Б. А. Малтабаровдун маалыматтары боюнча, 1991-жылдын жаз айында бардык улуттардын мусулмандарынын өкүлдөрүнүн – Кыргызстан Республикасынын Ислам Борборунун уюштуруу съезди өтөт, ушул эле жылдын июнь айында “Түркистан” диний кайрымдуулук борбору түзүлөт, ал диний-заманбап цивилизациялуу экономикалык

мамилелердин негизинде Чыгыш элдеринин байыркы маданиятын жаратуу максатын алдыга коёт [3].

Кыргызстанда исламдын жаралуусуна түздөн-түз таасир тийгизген маанилүү факторлордун бири, биздин талдоолорубуз боюнча, батыш либералдык баалуулуктарынын мусулман баалуулуктары менен глобалдуу каршы келүү процесси болгон. Ал эми О. Сидоровдун  маалыматы боюнча, ислам мамлекеттеринин дин ишеними боюнча өз туугандарын агартуучулук кызыкчылыгы (Советтер Союзунун жана атеисттик идеологиянын кыйроо шарттарында) “алар өзүнүн улуттук кызыкчылыктарында пайдалана ала турган, толук аткарыла турган максаттарды, мүмкүнчүлүктөрдү камтыган”. Ошондой эле Кыргызстанга келген мусулман миссионерлеринин жигердүү ишмердүүлүгү Кыргызстанда диний кайра жаралууга дем берип турган.  “Кыргыз Республикасынын диний чөйрөсүндө мамлекеттик саясаттын концепциясынын (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 6-майындагы токтому)” жана “Диний укуктарды жана эркиндиктерди жүзөгө ашырууда мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгүнө мониторинг жүргүзүү жөнүндө” берилген маалыматтар ага мисал боло алат. Алсак, 1996-жылы дүйнөнүн 54 мамлекетинен 243 ислам миссионерлери диний ишмердүүлүктү ишке ашырышкан, алар, О. Ш. Мамаюсуповдун, К. С. Мурзахалиловдун жана К. К. Маматалиевдин  маалыматтары боюнча, калк арасында исламды жайылтуу менен бирге кайрымдуулук, культтук курулмаларды жаратуу, мугалимдик ишмердүүлүк менен алектенишип, басма сөздөрдө жана телеканалдарга чыгып турушкан. Ошондой эле чет элдик диний жана диний-публистикалык адабияттардын чоң агымы динге кызыкчылыкты арттырган, ал адегенде мазмунуна экспертиза жүргүзүлбөстөн, чектелбеген санда республиканын мечиттеринде жана базарларында таратылган [4].

1993-жылдан тартып Кыргыз Республикасы Ислам өнүктүрүү банкынын мүчөсү болгон. Кызматташтыктын өткөн мезгил аралыгында өлкөнүн экономикасында ийгиликтин ар кыл деңгээлиндеги бир катар инвестициялык долбоорлор ишке ашырылган. Өлкөнүн экономикалык системасына ислам банк ишин жана каржылоону колдонууга киргизүү аракеттери башталган. 2006-жылдын 16-майында Кыргыз Республикасы, Ислам өнүктүрүү банкы жана “Экобанк” ААКсынын ортосунда өз ара түшүнүшүү жөнүндө Меморандумга кол коюу менен, эки тараптуу мамилени өнүктүрүүгө жаңы импульс (дем) берилди. Меморандум өзүнө өлкөнүн банк системасына ислам банк ишин жана каржылоону киргизүү чөйрөсүндө кызматташтык жөнүндө тараптардын макулдашуусун камтыйт. Өлкөнүн банк системасына ислам банкингин киргизүү, албетте, дүйнөдөгү интеграциялык процесстердин натыйжасы болуп эсептелет.

Кыргыз коомчулугунда жыйырма жылдан ашык  мезгил аралыгында динди кайра жаратууга талдоо жүргүзүүдө бул процесстин негизги белгилерин аныктоого мүмкүндүк берген: 1) Биринчиден, Исламдык Конференция Уюму (ОИК), Ислам өнүктүрүү банкы (ИБР), кызматташтык боюнча Ага Хан Уюму, Экономикалык кызматташтык уюму (ЭКО) ж. б. менен кызматташып, мусулман өлкөлөрү менен ийгиликтүү кызматташуу үчүн биздин өлкөнүн алгачкы кадамдарды таштап жаткандыгы, коомчулуктун өнүгүшү үчүн заманбап Кыргызстан жана анын жетекчилери тарабынан “ислам факторунун” маанисинин терең түшүнүүсүн айгинелеп турат; экинчиден, жогоруда аталган өлкөлөр биздин өлкөдө диний турмуштун кайра жаралуусунда Кыргызстанга чоң каржы жардамын көрсөтүшкөн. Алсак, 1997-жылдын июнь айында Кыргызстанда ачылган «Хьюмэн Эппиэл Интернейшнл» (ХЭИ) кайрымдуулук коомунун филиалы өзүнүн Кыргызстанда иштеп жаткан учурунда ар кандай программалар боюнча бир нече долбоорлорду ишке ашырган.

Г. А. Сейталиеванын маалыматтары боюнча, негизинен, өзүнчө жарандар, ошондой эле диний уюмдар чет өлкөлүк инвестицияларды мечиттерди курууга беришкен. “Мисалы, Кара-Балта шаарында 2003-жылы гана Сауд Аравиясынын жана Араб Эмираттарынын жарандарынын демөөрчүлүк колдоосунда үч мечит курулган, ал эми Ысык-Көл обулусунда алар кырктай саналат” [5]. “Ислам Кыргызстанда: өнүгүү таңдеми” (2004) китебинде төмөнкү маалыматтар келтирилет: “«Имам-Бухарий» мечитинин курулушунда (Алай району) 1992-жылдан 1998-жылга чейин “Рабита” (Сауд Аравиясы) мусулмандардын Дүйнөлүк лигасы каржы жардамын көрсөттү. «Аль Вакф Аль -Ислами» уюмунун Кыргыз Республикасындагы өкүлчүлүгү тарабынан Чүй облусунда 21, Ысык-Көлдө 8, Нарында 9 мечиттин курулушуна жардам берилген, Бишкек шаарындагы борбордук мечиттин жана динге сыйынуу залынын курулушуна каржы жардамы берилген. 2003-жылы алар тарабынан Аламүдүн районунун Кой-Таш айылында 120 студентке «Аль-Фарук» медресеси, Григорьевка айылында толук пансиону менен 60 студентке медресе, Кочкор айылында “Ак мечит” ачылган.

Албетте, биринчи караганда, жашоонун төмөнкү деңгээлдеги абалында эл аралык ислам кайрымдуулук фонддору жана уюмдары тарабынан бул далил калк үчүн социалдык маанилүү нерсе болуп саналат, анткени ислам диний объектилеринин курулушу жана реконструкцияланышы, шексиз түрдө, коомчулуктун руханий керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн зарыл. Ошентсе да диний ишмердүүлүк жана мечиттерди куруу үчүн айрым мечиттерге жана мусулман коомуна чет өлкөдөн тике акчалай агылып келүүлөр түзүлгөн. Бул практика терс бааны жаратарын эске алуу керек, элдик накылда айтылгандай, “акысыз тамак капканда гана болот”. Кесепетинде ал чет өлкөлүк “инвесторлордун” алдында жергиликтүү диний ишмерлердин, аны менен бирге динге ишеним көрсөткөндөрдүн аларга көз каранды болушуна алып келиши мүмкүн.

К. Маликов өлкөнүн эки түштүк облустарында (Ош жана Жалал-Абад), эки түндүк облустарында (Чүй жана Ысык-Көл), ошондой эле Бишкек шаарында диндин өнүгүүсүн аныктоо катары Стратегиялык талдоо жана божомолдоо институтунун (ИСАП) кызматкерлери тарабынан жүргүзүлгөн социологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын келтирет: “... төмөнкү жыйынтыктарды көрсөттү: суралгандардын басымдуу бөлүгү (90,7%) Аллага ишенерин билдиришти (анын ичинен 87,9% жогорку билимге ээ). Кыйла бөлүгү (35,85%) толугу менен диний мыйзамдарды карманат жана мусулман каадаларын аткарышат. Суралгандардын жарымынан көбү (69,7%) диний каадаларды ар убакта эле кармабай турганын билдиришти, ал эми 74,65% үйүндө Куран сакташат” [6].

Кыргыз Республикасы СССРдин курамында динден тышкары мамлекет болуу менен ислам дүйнөсүндө өзгөчө орунга ээ, ага карабастан калктын 80% өздөрүн мусулман катары таанышат. Ошол себептен кыргыз мусулмандары өз дүйнө таанымы, менталитети жана маданияты боюнча ислам мамлекеттеринде ишеними боюнча өз тууГандарынын стереотиптик мүнөздөмөдө кабылданат.

Жыйырма жылдан ашык убакытта исламдын кайра жаралуусунун легалдуу орун алышына талдоо жүргүзүү Н. Курбановага анын төмөнкү өнүгүү теңдемин белгилөөгө мүмкүндүк берди: “Биринчи – мамлекеттик жана улуттук түзүлүш процесстеринин аягына чыкпагандык шартында, диний жана улуттук аң-сезимдин органикалык байланышынын күчүндө исламды идеологиялык вакуумду толтуруу аракети, коомдун

адеп-ахлактык түзүлүшүн кайра жаратуу жана чыңдоо каражаты катары карашкан. Экинчиси – социалдык кыйынчылык шартында жана калктын социалдык-экономикалык деңгээлинин төмөндөшүндө калктын белгилүү бир бөлүгүн радикалдаштыруу. Үчүнчүсү – анын республикада бир түрдүү болбогондугу, ал регионалдык өзгөчөлүктөргө ээ: түштүк ислам кааданы жактаса, түндүк ислам теңирчилик синкретизмге жакын" [2].

Ошону менен бирге, коомдун белгилүү бир бөлүгү өзүнүн диний симпатиясын демонстрациялаганына карабастан, бүтүндөй алганда, жалпыга маалымдоо каражаттарында анча кубанычтуу деле кабылданбайт, диний кайра жаралууга сын көз караштa каралат десек да болот, анда, негизинен, динге ишенген адамдын өтө деле көз жоосун албаган образы келтирилет.

Коомдук-саясий турмушта мусулман уюмдарынын катышуу көйгөйүн изилдөө келечекте анын өнүгүү стратегиясын жана багыттарын аныктоону талап кылат, алар Кыргызстандын коомдук-саясий өнүгүүсүнө жана жүргүзүлүп жаткан кайра түзүүлөргө, реформаларга кандай таасир тийгизет. Көп конфессиялуу коомдун шартында алар ийгиликтүү ыңгайлашуу үчүн кандай шарттар керек. Көп сандаган изилдөөлөрдүн жыйынтыктары анын Кыргызстандын келечектеги коомдук-саясий процесстерине катышуу келечектерин аныктоого мүмкүндүк берет.

Кыргызстандын коомдук-саясий ишмердүүлүгүнө салыштырмалуу "мусулман уюмдары" түшүнүгүн биз эки мааниде колдонобуз: Кыргызстандын бардык мусулмандарынын руханий коомчулугу катары (бул классикалык "умма" түшүнүгүнө жакын), ошондой эле расмий катталган же расмий эмес белгилүү аймакта жашап жаткан. Динге ишенгендердин локалдык (жергиликтүү) уюмдары.

Ошентип, макалабыздын сонунда белгилей кетүүчү нерсе, ата мекендик мусулман уюмдары биздин өлкөнүн коомдук-саясий турмушуна начар таасир тийгизе тургандыгы тууралуу тыянак чыгарууга болот. Бул, биринчи кезекте, мусулмандардын диний башкармалыктарынын бийлик түзүмдөрү менен ачык эмес мамилелери жана Кыргызстанда умма ээлик кылган саясий потенциалдын жетишсиз натыйжалуу пайдаланылышы, ошондой эле, белгилеп өткөндөй, өз алдынча ишмердүүлүк үчүн анын экономикалык базасынын жоктугу жана интеллектуалдык сыяктуу эле уюштуруучулук планда мусулман элитасынын алсыздыгы менен шартталган.

**Адабияттар:**

1. Кубан Абдымен Тынымсыз аккан саясат. - Бишкек, 2016.

2. Курбанова Н. Ислам в общественно-политической жизни Кыргызстана. - Бишкек, 2009.

3. Малтабаров Б. А. Религия и социально-политические процессы в Кыргызстане. - Бишкек, 2002.

4. Мамаюсупов О. Ш., Мурзахалилов К. С., Маматалиев К. К. Ислам в условиях демократического развития Кыргызстана: сравнительный анализ. // Центральная Азия и Кавказ. -№ 3(39). - 2005.

5. Сейталиева Г. А. «Ренессанс» ислама в независимом Кыргызстане // Acta Eurasia. - №3 (29). - Москва, 2005.

6. Чотаева Ч. Этнокультурные факторы в истории государственного строительства Кыргызстана. - Бишкек, 2005.